**«Бекитемин»**
**Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин**
**төрагасы, саясий илимдеринин доктору,**
**профессор Канат Азиз**

________________

**Бишкек шаары** **«15» октябрь 2021-ж.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун изденүүчүсү Темирбекова Асель Темирбековнанын **«Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)** аттуу темада 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин кандидаты окумушгуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертацияларды коргоо боюнча Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин жыйынында алдын ала коргоо талкуулоо боюнча 2021-жылдын 15-октябрындагы жыйынынын № 18-протоколунан

## КӨЧҮРМӨ

**Катышкандар:**

1. Азиз Канатбек - саясий жана юридика илимдеринин доктору, профессор (жыйындын төрагасы);

1. Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору, профессор;

2. Артыкбаев Мэлс Табалдиевич - саясий илимдеринин доктору, философия илимдеринин доктору, профессор;

3. Акунов Аалыбек Акунович - саясий илимдеринин доктору, профессор;

4. Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдеринин доктору, профессор;

6. Омуралиев Нурбек Ашимканович - социология илимдеринин

доктору, профессор (online);

7. Мендибаев Нуратбек - социология илимдеринин доктору, профессор;

9. Салмоорбекова Рита Бобуевна - социология илимдеринин доктору, профессор;

10. Донойбаев Алим Донойбаевич - саясий илимдеринин доктору, профессор;

11. Сайтбеков Айдар Муталикович - саясий илимдеринин доктору, Профессор (online);

12. Жоробеков Жолборс Жоробекович - саясий илимдеринин доктору, профессор;

13. Абдыраманова Чолпон Шабданбаевна - саясий илимдеринин доктору, доцент (окумуштуу катчы).

**КҮҢ ТАРТИБИНДЕ:**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун изденүүчүсү **Темирбекова Асель Темирбековнанын «Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)** аттуу темада 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоону талкулоо.

Илимий жетекчи: саясий илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Сөз диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысына берилет.

**Окумуштуу катчы, саясий илимдеринин доктору Абдыраманова Ч.Ш.:** Изденүүчү А.Темирбекованын аттестациялык ишинде төмөнкү документтердин тизмеси бар: арызы, жеке иши, жогорку билими тууралуу дипломy, магистр окумуштуулук даражасы тууралуу дипломy, илимий жетекчинин пикири, жарыкка чыгарылган илимий эмгектеринин тизмеси, диссертациянын авторефераты мамлекеттик жана расмий тилдерде.

Илимий консультанты: саясий илимдеринин доктору, профессор Акунов А.А. Диссертация Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер минимстирлигине караштуу К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясында даярдалган. Диссертациянын жыйынтыктары 16 жарыкка

чыгарылган илимий макалаларды, илимий эмгектерде чагылдырылган. Диссертациянын түзүлүшү киришүүдөн, үч главадан, 7 бөлүмдөн, корутундулардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

Диссертациялык кеңештин отурумундаизденүүчү А.Темирбекованын диссертациялык ишин кароо үчүн төмөнкү үч эксперт дайындалган: Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдердин доктору, профессор, Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдердин доктору, философия илимдеринин доктору, профессор жана Жоробеков Жолборс Жоробекович - саясий илимдердин доктору, профессор.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Урматтуу кесиптештер, диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары менен тааныштыруу үчүн А.Темирбековага сөз берилет. Баяндамага 10 мүнөт берилет.

**Издедүүчү А.Темирбекова:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, кеңештин мүчөлөрү!

Постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп бараткынын көрсөтүүдө. Борбордук Азиядагы постсоветтик республикалардын арасынан “демократия аралчасы” деп аталган Кыргызстанда да башкаруунун авторитардык элементтери кеңири орун алгандыгы тууралуу окумуштуу изилдөөчүлөр да, серепчи-аналитиктер да айтып келүүдө.

Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү.

**Изилдөөнүн максаты.** Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

**Теманын изилдениши.**Авторитардык башкаруунун табиятына байыркы дүйнөнүн ойчулдарынан тарта көңүл бурулуп келгени менен демократиялык эмес режимдердин илимий анализи XX кылымдан гана башаталганы белгилүү. Х.Линц, А.Степан, Х.Чехэби, Г.О’Доннелл сыяктуу окумуштуулар «авторитаризм» терминин алгачкы жолу илимий айлампага киргизишкен. Ал эми тоталитардык режимдердин пайда болуу себептерин К.Поппер, Х.Аренд, К.Фридрих жана З.Бзежинскийлер анализдеп чыгышкан.

Демократияны бутага алган мамлекеттердеги негизги көйгөйлөргө С.Хантингтондун оюу боюнча төмөнкүлөр кирет: жакырчылык, нааразычылык кыймылдары, этностор жана диндер аралык кагылышуулар, социалдык-экономикалык теңсиздик, өнөкөткө айланган инфляция, эбегейсиз көп тышкы карыз, терроризм, экономикадагы мамлекеттин чоң ролу.

Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мындай көрүнүш Испания, Португалия, Аргентина, Уругвай, Бразилия, Перу, Турция, Пакистан, Филиппиндер жана диктатура кыйрагандан кийинки Чыгыш Европада кеңири тараган. “Репрессия жөнүндө эскерүү” унутулуп, анын ордуна авторитаризм мезгилинде тартип, гүлдөп өсүү жана экономикалык өнүгүү болгон деген сыяктуу образдар пайда болот деп жазат С.Хантингтон.

Постсоветтик мамлекеттердеги саясий өнүгүүнү салыштырма анализ усулу менен изилдеген окумуштуулардын көрүнүктүүлөрүнө төмөнкүлөр кирет: Е.Б.Григорьева, В.Банс, С.Волчик, Р.Бова, В.Буренко, А.Вильсона, О.Гаман-Голутвиной, В.Гельмана, Гилева, Г.Голосова, Ф.Гулиева, В.Ледяева, К.Давиши, ж.б.

Борбордук Азия жана Кавказдагы постсоветтик республикалардагы саясий өнүгүүнүн ой-кырларын С.Н.Шкель, Н.А.Борисов, Э.МакГлинчей, С.Есенова сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринен тапса болот.

Ата мекендик саясат таануучулар М.Т.Артыкбаев, Ж.Ж.Жоробеков, К.И.Исаев, А.Б.Абдрашев, А.Д.Дононбаев, Н.А.Омуралиев, Б.М.Торогелдиева, Т.О.Ожукеева, К.М.Жумалиев, А.Б.Элебаева А.А.Акунов ж.б. эмгектеринде аталган маселе саясат таануу илиминин чөйрөсүндө изилдөөгө алынган.

Постсоветтик өлкөлөрдөгү, анын ичинен Кыргызстандагы, саясий процессти жалпысынан, ал эми саясий режимди түздөн түз изилдеген, саясат таануу илимине салым кошкон окумуштуулардын көрүнүктүүсү профессор Ж.Сааданбеков болуп эсептелет.

Эгер тоталитаризм менен демократия өз ара салыштыргыс көрүнүшкө кирсе, ал эми авторитаризм менен демократиянын ортосунда ич ара табигый байланыш болот. Тээ 30-жылдары эле дүйнөлүк политологиянын классиги, либералдык демократиялык теориянын бир түркүгү катары таанылган Х.Арендттин минтип жазганы бар: "Авторитардык башкаруу деген нерсе бар. Бирок анын не тирания, не диктатура, не тоталитардык башкаруу менен эч кандай жалпылыгы жоктугу анык иш" – деп белгилейт профессор Ж.Сааданбеков. Авторитаризмди ар жагынан жамандап жаткан радикал-либералдар өздөрүнүн абройлуу либерал-мэтринин пикирине кулак салышы

керек эле, бирок андай болбой жатат. Чындыгында Х.Арендт бу жерде билимгөй авторитаризмди же биз азыр айтып жүргөн "башкарылма демократияны" эске алган. Казакстандын мисалы көрсөтүп тургандай, харизмалуу, жогорку профессионалдуу лидер менен массанын ортосунда тике байланыш түзүлгөн учур билимгөй авторитаризди билдирет.

Кыргызстанда, мунун тетирисинче, либералдык демократизациялоо сымактанган чүмбөт артында, "КМШнын эң либеарлдуу президенти" аталган президенттин тушунда ичкертетен билимгөй авторитаризм эмес, **бюрократиялык авторитаризм** орноду. Элден абдан обочолонуу, чиновниктердин чексиз бийлиги, коррупциянын шумдуктай масштабы анын мүнөздүү белгилери болуп калды.

**Изилдөөнүн милдеттери, коргоого сунушталган негизги жоболор, түзүмү жана башка зарыл бөлүмдөрү** диссертацияда да, авторефератта да толук келтирилген, ошондуктан,Урматтууу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, изилдөөнүн корутунда жана практикалык сунуштар бөлүмдөрүнө өтө берүүгө уруксат этиңиздер.

**Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй негизги Практикалык сунуштарды чыгарууга мүмкүндүк берди:**

1. Коммунисттик тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитардык режим чыкты. Ушундан улам саясат таануучуларга, укук таануучуларга, жалпы эле коомдук илимдерди изилдеген окумуштууларга өткөөл мезгилдеги демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө негизги көңүлдү буруу сунушталат.

2. Коомдогу стабилдүүлүк үчүн жана өнүгүүнүн демократиялык багытынан кайтпаш үчүн демократиялык өкмөттөр өлкөдөгү көйгөйлөрдү чече албай, наразычылык күчөгөн учурларда бийликти тынчтык жолу менен алмаштыруу боюнча саясий элитанын институтташтырылган ыкмалары менен мыйзамдуу механизмдерин иштеп чыгуу зарыл экендигин изилдөөлөр көрсөттү.

3. Өзүнчө алынган **башкаруучу инсандын авторитардуулугун мүнөздөөдө** анын догматизм (сенектик), башка ойго, башка көз караш жана башкача аракеттерге чыдабастыгы, авторитардык баш ийдирүү, авторитардык агрессия, конвенционализм (макулдашуу) алкагында таанып билүү, кабылдоо сыяктуу кыял-жоруктардын жана жөндөмдөрүнүн жыйындысы түшүндүрүлөт. Тигил же бул лидерге жогорудагыдай мүнөздөр тиешелүү болсо, анда ал авторитардык режимге жан тартуусу мүмкүн деген калыптама сунушталат.

4. Бүгүнкү күндөрдө Кыргызстандагы мамлекеттик түзүлүштүн калкыбыздын кылым карытып келаткан тарыхый-маданий шартына туура келчү, демократиялык маанайдагы талаптарга толук жооп берүүчү, ийкемдүү, шайкеш үлгүсүн издөө процесси жүрүп жатканы жана аны табуу дагы бир кыйла убакытка созулаары ачык эле көрүнүп калды. Биздин коомго туура келчү саясий системанын формасын жана экономикалык кайра куруулардын заманбап моделин иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда Жогорку Кеңештин ролу жана орду өтө маанилүү экендигине көңүл буруу зарыл.

5. Аксы окуяларын, 2005-жана 2010-жылдардагы революцияларды кыргызстандыктардын 1990-1991-жылдары башталган жемкорлукка каршы, адилеттүү башкаруу үчүн болгон талбаган күрөшүнүн үч баскычы же "үч ашуусу" катары кароо туура болот. Үй бүлүлүк жана кландык башкаруунун негизги максаты жемкорлук болгонун изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөттү. Демек, жемкорлукка каршы күрөшүүнү бул авторитаризмдин өзөгүнө каршы күрөшүү деп түшүнүүнү сунуштайбыз.

6. Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын, жоболорун жана тыянактарын "Саясат таануу", "Укук таануу", "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" жана башка адистиктер менен багыттар боюнча атайын курстарды даярдоодо жана өтүүдө пайдалануу сунушталат. Мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоодо, аларга семинарларды жана тренингдерди өткөрүүдө диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу максатка ылайык болот деп эсептейбиз жана сунуштайбыз.

## Корутунду

Диссертациялык изилдөө советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоого арналган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй негизги жыйынтыктар менен корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди.

1. Авторитаризмдин жана демократиялык эмес башкаруунун ар түрдүү формалары менен түрлөрүн изилдөөнүн теориялык негиздери иликтенди. Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

Саясий теоретиктердин жаңы иштеп чыгуулары артыкчылыктарга ээ, анткени алар радикалдуу демократия гана эмес, ошондой эле өткөөл режим түрлөрүн, авторитардык субтүрлөрдүн алкагында кыймылдарды

жана режимдердин демократиялык эмес бир түрүнөн авторитаризмдин башка түрүнө өзгөрүүнү эске алуу менен режимдик өтүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. Бул режим түрлөрүнүн жаңы классификациясы, ошондой эле, кемчиликсиз эместигин жана илимий талкууларга себеп болгонун да моюнга алуу керек. Ошентсе да, концепцтиялык ыкмалардын жана классификациялык схемалардын көп түрдүүлүгү заманбап демократиялык эмес режим түрлөрүн изилдөө милдетин жөнөкөйлөштүрөт деген тыянак чыгарса болот.

2. Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун "авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу" – "ийгиликсиз" демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыгат. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

3. Постсоветтик республикалардагы, өзгөчө Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү. Ошентсе да алардын ичинен бул диссертациялык изилдөөдө рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди жана актордук ыкманы негизги теориялык парадигмалар катары көргөзүүгө басым жасадык.

4. Коомдогу кескин өзгөрүүлөр терең туруксуздукка алып келет, мындай жагдайларда коомдо мазмуну авторитардык инсандын башкаруусу, же, тескерисинче, жаңы баалуулуктарды "жалпы элдик таануунун" жарылуусу болгон ресентименттин (таарыныч) көтөрүлүшү сыяктуу кубулуштар тез тез байкала баштайт. Өтө кедейлик, козголоңчул кыймылдар, этностук жана диний чыр-чатактар, терең коомдук экономикалык теңсиздик,

баанын өнөкөт түшүшү, ири тышкы карыз, терроризм, экономикада мамлекеттин ролунун чоңдугу демократиялык өткөөлдүн негизги контекстуалдык көйгөйлөрүн түзөт. Алгач авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында шайдооттукту жана толкундануунү пайда кылган, бирок жаңы демократиялык өкмөттөр чечпеген же чече албаган контекстуалдык көйгөйлөр, жаңы демократиялык коомчулукка болгон иллюзиялардын жоголушуна жардам көрсөтүп, демократиялык өкмөттүн ишмердүүлүгүнө карата кайдыгерлик, үмүтсүздүк жана көңүл калгандыкка алып келген.

5. Диссертациялык изилдөөлөр көрсөткөндөй коомчулуктун жаңы демократиялардан күтүлгөн үмүттөрү акталбай, чечилбеген маселелердин көптүгү үчүн көңүл калуусу өткөөл мезгилдин мүнөздүү белгилери болуп эсептелет. Буга байланыштуу биринчи планга элитанын жана жарандардын демократиялык тутумдун баалуулугуна ишенүүсүнүн даражасы чыгат. Саясий маданият темасы көңүлдү жаңы демократиялык өкмөттүн натыйжалуулугу жана мыйзамдуулугунун ортосундагы өз ара байланышына басым жасайт: мыйзамдуулук жок, алар натыйжалуулукка жете албайт, натыйжалуулугу жана аткарымдуулугу жок мыйзамдуулукка жетүү мүмкүн эмес.

Авторитардык башкаруучуларды сагынуу жана демократиялык башкаруучулардан көңүл калуу демократияга өтүүнүн ажырагыс өзгөчөлүгү болуп саналат, демократиялык түзүлүштү бекемдөө жараянындагы алгачкы кадам болуп саналат. Кайсы жерде демократиялык негиздерди түзүү жараяны муундардын алмашуусунун натыйжасында ишке ашса, демократиялаштыруунун кайра калыбына келүүсүнүн ыктымалдуулугу төмөн болот; экинчи жагынан, ой-пикирлердин өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында капысынан демократиялык өзгөрүүлөр жүрсө, демократиялашуу жараяны каршы багытта мүмкүн болушунча тез болуусунун ыктымалдуулугу жогору.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Урматтуу кесиптештер диссертантка кандай суроолоруңуздар бар?

**Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору профессор:** Эмпирикалык материалдарды топтоодо прикладдык саясат таануунун кандай ыкмаларын пайдаланып изилдөө жүргүздүңүз? Эксперттик опрос жасоого мүмкүнчүлүк болдубу?

**Изденүүчү:** Эмпирикалык материалдарды топтоодо прикладдык саясат таануунун төмөнкү ыкмалары пайдаланылып, изилдөө жүргүзүлдү:

– бихевиористтик метод;

– радикалдык метод;
– системдик, түзүмдүк жана функционалдык методдор жана башкалар.

Эксперттик сурамжылоо жүргүзүлгөн жок.

**Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдеринин доктору, профессор:** Лидерлердин инсандык факторлорнунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн саясий психологияда атайын методдору бар, ошолорду колдондуңузбу?

**Изденүүчү:** Жогоруда көрсөтүлгөн методдор лидерлердин өзгөчөлүктөрүн аныктоодо да колдонулду.

**Жоробеков Жолборс Жоробекович - саясий илимдеринин доктору, профессор:** Диссертациялык ишти изилдөөдө кандай политологиялык методдорду колдондунуз?

**Изденүүчү:** Изилдөөдө төмөнкү политологиялык методдор колдонуга алынды:

– системдик;
– тарыхый-конкреттүүлүк;
– ситуациялык;
– институционалдык;
– фактордук;
– формалдуу-логикалык методдордун анология жана дедукция анализдери колдонулду.

**Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдеринин доктору, профессор:** Авторитардык режим пайда болууга кандай себептер болду?

**Изденүүчү:** Негизи авторитардык режимдин пайда болушуна ар кандай себептер болушу мумкун алар абдан коп. Кыргызстанды алсак негизинен бул саясий, экономикалык жана социалдык себептер. Постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп баратканын көрсөтүүдө. Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын алсыздыгы ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет.

**Салмоорбекова Рита Бобуевна - социология илимдеринин доктору, профессор:** ССРден кийинки биздин парламенттин авторитаризмдин Кыргызстанда пайда болуусуна күнөөсү барбы?

**Изденүүчү:** Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы катары бийлик – укуктарга ээ болушун өлкөдө

авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун биринчи кадамы катары кароого болот. 1990-жылы 14-декабрда, Президенттин позициясын бекемдөө үчүн Жогорку Совет "Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын реорганизациялоо жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзам) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү жөнүндөгү"мыйзам кабыл алган. Бул мыйзамга ылайык президент А.Акаев жалаң эле мамлекет башчысы макамын албастан, аткаруу бийлигинин да башчысы болуп, анын позициясы бир топ бекемделген. Ушул мисал менен парламенттин авторитаризмдин Кыргызстанда пайда болуусуна күнөөсү да бардыгын айгинелейт.

**Донанбаев Алим Донанбаевич - саясий илимдеринин доктору, профессор:** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгынын 5-пунктундагы заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык бушкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенген дептирсиз, ошондо кандай көйгөйлүү маселелерди карадыңыздар жана кандай тыянактарды чыгардыңыздар?

**Изденүүчү:** Коомдогу кескин өзгөрүүлөр терең туруксуздукка алып келет, мындай жагдайларда коомдо мазмуну авторитардык инсандын башкаруусу, же, тескерисинче, жаңы баалуулуктарды "жалпы элдик таануунун" жарылуусу болгон ресентименттин (таарыныч) көтөрүлүшү сыяктуу кубулуштар тез тез байкала баштайт. Өтө кедейлик, козголоңчул кыймылдар, этностук жана диний чыр-чатактар, терең коомдук экономикалык теңсиздик, баанын өнөкөт түшүшү, ири тышкы карыз, терроризм, экономикада мамлекеттин ролунун чоңдугу демократиялык өткөөлдүн негизги контекстуалдык көйгөйлөрүн түзөт. Алгач авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында шайдооттукту жана толкундануууну пайда кылган, бирок жаңы демократиялык өкмөттөр чечпеген же чече албаган контекстуалдык көйгөйлөр, жаңы демократиялык коомчулукка болгон иллюзиялардын жоголушуна жардам көрсөтүп, демократиялык өкмөттүн ишмердүүлүгүнө карата кайдыгерлик, үмүтсүздүк жана көңүл калгандыкка алып келген. Мын ушул элементтерди изилдеп, айтылган тыянактарды чыгардык.

**Артыкбаев Мэлс Табалдиевич - саясий илимдеринин доктору, философия илимдеринин доктору, профессор**: Парламеттик башкарууга болгон пикир?

Эгерде мамалекетте парламенттик башкарууга орун ала турган болсо, анда ага бекем пайдубал болушу керек деп ойлойм жана буга биринчи коом да даяр болушу керек. Дуйнөдө парламенттик башкаруу менен да өнүккөн өлкөлөр бар, эгерде баардык шарттар туура келип жатса жана мамлекет

алдыга бийиктик менен жылып баратса анда жакшы. А бирок парламенттик режим Кыргызстандагыдай элдин үмүтүн актабай калса анда терс таасирин коомго бере баштайт.

**Омуралиев Нурбек Ашимканович - социология илимдеринин доктору, профессор:** Азыркы президент авторитаризмдик башкарууга өтүп алган жокпу?

Хрологиялык чектер менен азыркы бийиликти изидөөгө алган эмеспиз, бирок жаны параграф киргиздик ага карата, маалымат катары. Ал эми сиз берген суроого жооп бериш үчүн убакыт керек, президенттин башкаруусу кандай нукка жылып бараткaнын убакыт өткөндөн кийин изилдөөгө алса болот деп ойлойм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Урматтуу кесиптештер дагы суроонуздар барбы, эгер жок болсо эксперттердин корутундусуна өтсөк.Сөз биринчи эксперт Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдеринин доктору, профессорго берилет.

**Сааданбеков Жумагул Сааданбекович - саясий илимдеринин доктору, профессор:** Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган.

Автореферттын, диссертациялык иштин мазмунуна, изилдөөнүн белгиленген максатына жана милдеттерине толук дал келет.

Диссертацияны жазууда жана мазмунундагы кемчиликтер:

диссертациянын айрым бөлүмдөрүнүн көлөмдөрү бирдей болбогондугу;

ааламдашуу процессинде экстремизмдин, терроризмдин жана ислам радикалдуу фундаментализмдин өзгөчөлүктөрүнүн кенен көрсөтүлбөгөндүгү;

техникалык мүнөздөгү талап кылынган кемчиликтер жоюлсун.

Көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий теориялык жана практикалык деңгээлин төмөндөтпөйт.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Рахмат, кийинки сөз эксперт Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору профессору.

**Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору профессор:** Диссертациялык иште ата-мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянуу менен заманбап учурдагы ислам фундаментализминин көз карандысыздыкка ээ болгон Борбор Азия

өлкөлөрүндө болуп жаткан саясий процесстердеги ролун, ордун жана бул процесске берген саясий-социалдык механизмдердин таасирин аныктоо багытында политологиялык талдоого жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу, иштин негизги максаты катары,ислам фундаментализминин Борбордук Азиядагы саясий процесстерге таасир берүүдөгү саясий- социалдык механизмдерин комплекстүү изилдеп, аныктоо жана аларды чечүү боюнча сунуштарды берүүгө аракет жасалган.

Жогоруда белгилегендерге ылайык,илимий иштин актуалдуулугу талашсыз. Анткени, бул илимий иш бири-бирин толуктаган үч главадан, тогуз параграфтан жана аларга болгон жыйынтыктардан турган илимий талдоочулук изилдөө катары жазылып, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү боюнча автор тарабынан изилдөөгө аракет жасалып, иште бир катар илимий жаңылыктар бар. Диссертациялык иш саясат таануу илиминде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, Изилдөөнүн натыйжасында алынган практикалык маанилүүлүгү диссертациялык изилдөөдө баяндалган негизги тыянактардан, жыйынтыктардан жана практикалык сунуштамалардан ачык айкын көрүнүп турат.

Диссертациялык изилдөөдөгү жоболор, илимий-практикалык тыянактар жана натыйжалар окуу куралдарын жана атайын курстарды даярдап, иштеп чыгууда, жогорку окуу жайларынын гуманитардык факультеттеринин студенттери жана аспиранттары үчүн сабак берүүдө, тартип сактоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин практикалык иштеринде кеңири колдонууга болот.

Жалпысынан алып караганда, диссертациянын жыйынтыктоочу негиздерин илимий чөйрөдө гана теоретикалык жактан пайдалануу менен чектелбестен, бул илимий иштеги сунуштардын негизги принциптерин туура пайдалануу аркылуу, ааламдашуу шартындагы заманбап учурда турмуш жүзүндө ишке ашыруу абзел.

Диссертациялык иштеги жетишкендиктер менен бирге, айрым бир мүчүлүштүктөр да кездешпей койбойт, белгилей кетсек:

– Андан сырткары, белгилей кетсек диссертациялык иште грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык катачылыктар кездешкендиктен, аларды оңдоп-түздөп чыгуу зарыл, Жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий теориялык жана практикалык деңгээлин төмөндөтпөйт.

Негизинен изденүүчү мүмкүн болушунча абдан бай жеткиликтүү адабияттар менен эмпирикалык материалдар аркылуу ишти ачып берүүгө аракет жасаган. Иш аткарылган жерде кемчиликтер болбой койбойт, ошондуктан илимий ишке карата айтылган кемчиликтерди, сунуш-пикирлерди изденүүчү тарабынан туура кабыл алып алуу менен иш жүзүндө пайдалана ала тургандыгына ишенебиз.

Изденүүчү Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)”аталышындагы саясий илимдеринин кандидаты даражасындагы диссертациялык ишти Кыргыз

Республик асынын Жогорку аттестациалык комиссиясынын талабына жооп берүүсү менен 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча коргоого сунуш этүүгө болот.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз:** Рахмат, кийинки сөз дагы бир эксперт Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору профессоруна берилет.

**Абдрашев Акунжан Баказович - саясий илимдеринин доктору профессор:** Темирбекова Аселдин диссертациялык ишинин структурасы: киришүүдөн, 3 баптан (7 бөлүмдөн) кортундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так аныктаган, изилдөөнүн илимий жаңылыгы менен коргоого коюлучу негизги жоболорун ачып берилген. Ошондой эле алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү диссертациялык иште баяндалган негизги тыянактардан жана практикалык сунуштардан көрүүгө болот.

Диссертациялык иштин структурасы илимий иштерге коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан аталган тема боюнча бир кыйла проблемалар каралып, иликтенген. Бирок ошого карабастан айрым мүчүлүштүктөргө өзгөчө техникалык жана грамматикалык каталарга да жол берилген.

1. Биринчи баптын аталышы боюнча алсак, Диний фундаментализминин феноменин талдоонун жана изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери деп аталат, Диний фундаментализм феноменин талдоонун жана изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери десек болот.

2. Диссертациялык иште жана авторефератта иштин структурасы деген бөлүгүндө 4 глава деп кетип калган, 3 бап деп ондош керек.

Жалпысынан диссертациялык иштин жаңылыгы, жыйынтыктардын негиздүүлүгүн, практикалык жактан изилдөөлөргө кошкон салымын эске алуу менен Темирбекова Аселдин 23.00.02 – «саясий институттар, процесстер жана технологиялар» адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидатыокумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертациялык иши КРнын ЖАК талаптарына жооп берет жана аны коргоого сунуштайм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы, саясий жана юридикалык илимдердин доктору, профессор Канат Азиз**: Урматтуу кесиптештер! Изденүүчү Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)”деген темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкулоонун жыйынтыгында жогоруда айтылган эскетүүлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтымышбаев атындагы Философия жана

саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу Саясат таануу жана социология илимдерине докторлук (кандидаттык) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 23.20.611Диссертациялык кеңешине коргоого сунуштоого сунуштар түштү.

Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" темасындагы кандидаттык даражасын коргоого багытталган диссертациялык ишин «Саясий институт, процесстер жана технологиялар - 23.00.02» адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтымышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу Саясат таануу жана социология илимдерине докторлук (кандидаттык) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 23.20.611Диссертациялык кеңешинде алдын ала коргоону өттү деп жана 2021-жылдын 15-декабрында диссертациялык ишин публикалык жактоого коюууга добуш берип койсонуздар.

Добушка коёбуз:

Катышкандар-12;

Макул-12;

Каршы-жок;

Калыс-жок.

Бир добуштан кабыл алынды.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык саясий изилдөө Институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" деген аталыштагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын эксперттеринин корутундулары бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык саясий изилдөө Институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинде 2021-жылдын 15-декабрында саат 16-00дө Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" деген аталыштагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин корголуусу даярдалсын.

**Диссертациялык кеңештин**
**Окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору**
**доцент** **Ч.Ш.Абдыраманова**

"___" _____________ 2021-ж.

Ч.Ш. Абдыраманованын кол тамгасын бастырам
АРӨБ башчысынын уб.м.а. Молдокулова А.

АДАМ РЕСУРСТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ РАЗВИТИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ РЕСУРСОВ